№ 10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүү мектебинин 2016-2021-жылдар ичинде аткарылган иштер боюнча мектептин социалдык педагогу Хасанова Мукарамдын жүргүзгөн иштеринин маалыматы

№ 10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүү мектебинде соц педагог төмөнкүдөй иштер жүргүзүп келет. Баланын социалдык турмуш маселеси- социалдык педагогдун ишмердигин башкы объектиси жана кыйын кырдаалга кабылган балдар менен социалдык иш алып баруунун негизги багыттарын аныктайт.

Соц педагогдун максаты:

А) Баланын статусун аныктоо,

Б) Баланын өнүгүүсүнө жекече көнүл буруу

В) Баланы көндүрүү, ондоо жана колдоо

Г) Баланын кызыкчылыгынын укуктарын коргоо

Д) Баланын жашоо мейкиндигинде коргоо, кам көрүү.

Жаны окуу жылынын башталышы менен окуучулардын социалдык абалы аныкталат жана класс жетекчилер окуучунун жашоо шарты, категориялары боюнча иликтеп чыгышат жана адаптация мезгилинде окуучулар менен тыгыз мамиледе болуу менен колдоо көрсөтүлөт.

Ата-энелер менен класс жетекчилердин байланышы күчөтүлөт, ошондой эле мектепте балдарды коргоо жана социалдык колдоо, өмүрүн жана ден- соолугун сактоо максатында иш чаралар өткөрүлөт, башкача айтканда жолугушуулар, тегерек столдор, майрамдык кечелер уюштурулат.

Мектеп айыл өкмөткө, өнүгүү башкармачылыгына кайрылуу жасап, мектептеги окуучулардын аярлуу катмарына; жарым жана ата-энесинен толук ажыраган, аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдарына көмөк көрсөтүп келет.

Окуучулар менен иштөөдө, тарбия иштерин терендетүү максатында ата-энелер менен жолугушуулар жана өз убагында ата-энелер чогулуштары болуп турат.

Мектепте ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген майып балдардын жөндөмдүүлүктөрү аныкталып, шыгына жараша ар кандай ийримдерге тартылат, керек болсо үйлөрүнө окутуу уюштурулат. Мигрант ата-энелердин балдары квартал сайын класс жетекчилер тарабынан такталып, жашоо шарттары , жүрүм- туруму көзөмөлгө алынып, керек болсо колдоо көрсөтүлөт.

Окуучулар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында мектеп администрациясы жана класс жетекчилер тарабынан иш чаралар түзүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.

Мектеп окуучулары арасынан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларды иликтеп аларга ар тараптуу колдоо көрсөтүү, байланыш үзгүлтүксүз ишке ашырылып турат.

Мектеп директору Токтогулова У.

Соц. педагог Хасанова М.